УДК 371.3: 494.3:8.085.4
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-177-180

**МУСАЕВА В.И., БАЙБОСОВА Д.К.**
И. Арабаев атындагы КМУ
**МУСАЕВА В.И., БАЙБОСОВА Д.К.**
КГУ имени И. Арабаева
**MUSAEVA V.I., BAIBOSOVA D.K.**
KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТА ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОМ НАПРАВЛЕНИИ

## SCIENTIFIC AND THEORETICAL ISSUES OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN THE ETHNOPEDAGOGICAL DIRECTION

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул илимий макалада теманын тегерегинде жогорку өкмөттүк деңгээлде ишке ашырылып жаткан иш чаралар, акыркы жылдардагы кабыл алынган расмий документтер тууралуу сөз болду. Ошондой эле, учкай болсо да, жалпы эле этнопедагогикалык эмгектер жана, айрыкча, кыргыз тилин этнопедагогикалык негизде окутуу тууралуу алгачкы ирет тунгуч агартуучу окумуштуулардын сиңирген эмгектерине басым жасалды. Кыргыз тилин жана кыргыз адабиятын этнопедагогикалык багытта окутуу жаатындагы илимий-теориялык, педагогикалык жана методикалык жактан илимий изилдөөлөр саналып өттү жана тилекке каршы, түздөн түз эне тилин, улуттук тилди этнопедагогикалык негизде окутуп-үйрөтүү маселесинин дагы деле болсо толук кандуу ишке ашпай, бул проблеманын актуалдуу бойдон калып жаткандыгы белгиленди.

**Аннотация:** В данной научной статье рассматриваются мероприятия, проводимые на высшем государственном уровне по данной теме, а также официальные документы, принятые в последние годы. Также, хотя и в несколько ограниченном объеме, акцент делался на этнопедагогические работы в целом и, в частности, на труды ранних педагогов по преподаванию кыргызского языка на этнопедагогической основе. Перечислены научно-теоретические, педагогические и методические исследования в области преподавания кыргызского языка и кыргызской литературы в этнопедагогическом направлении и отмечено, что вопрос непосредственного обучения родному языку, национальному языку, на этнопедагогической основе до сих пор не реализован в полной мере, и эта проблема остается актуальной.

**Abstract:** This scientific article examines the events held at the highest state level on this topic, as well as official documents adopted in recent years. Also, although in a somewhat limited volume, the emphasis was placed on ethnopedagogical works in general and, in particular, on the works of early teachers on teaching the Kyrgyz language on an ethnopedagogical basis. Scientific, theoretical, pedagogical and methodological studies in the field of teaching the Kyrgyz language and Kyrgyz literature in the ethnopedagogical direction are listed and it is noted that, unfortunately, the issue of direct teaching of the native language, the national language, on an ethnopedagogical basis has not yet been fully implemented, and this problem remains relevant.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тили; окутуу; этнопедагогикалык негизде; улуттук наркты; улуттук дем; элдик идеялар; элдик педагогика; илимий изилдөөлөр; этнопедагог окумуштуулар.

**Ключевые слова:** кыргызский язык; обучение; этнопедагогическая основа; национальные ценности; национальный дух; народные идеи; народная педагогика; научные исследования; ученые-этнопедагоги.

**Keywords:** Kyrgyz language; ethnopedagogical basis; national values; national spirit; folk ideas; folk pedagogy; scientific research; ethnopedagogical scientists.

Учурда бүт дүйнө жүзүндөгү, анын ичинде, билим берүү системасындагы санариптештирүү, жасалма интеллект сыяктуу маалыматтык технологиянын тез темпте

өнүгүүсү [14], дүйнөлөшүү, ааламдашуунун өтө ылдамдыкта кучак жаюусунан улам, ар бир эл, калк, улут, мамлекет, биринчи кезекте, өзүнүн улуттук тилин байытуу, өркүндөтүү, ата-бабадан бери карай таберикке калган таалим-тарбиялык улуттук нарк, баалуулуктарына кайтуу, рухий-көркөм-маданий байлыктарын, элдик мурастарын сактоого, коргоого, жаңы табылгалар менен толуктоого кам көрүп жатышкандыгын табигый көрүнүш катары кароого болот.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаровдун 2021-жылдын 21-январындагы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбия” [1], 2022-жылдын 21-майындагы “Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү тууралуу Жарлык (2022-2027-жж.) [2], ошондой эле, жакындагы эле 2024-жылдын 18-декабрындагы (ПЖ № 369) "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндөгү Жарлыкта [3], ачык-айкын белгиленгендей, “... ар бир доордо жашап өткөн даанышмандардын, улуу ойчулдардын жараткан акыл-ой корутундулары, элдик макал-лакаптар, учкул сөздөр элибиздин демине дем кошуп, келечекке багыт берген уңгужол милдетин аткарды...” [3].

Ушуну менен катар эле, Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасы [4], Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин 35 жылдыгына, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 10-сентябрындагы №1404/1 “Мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялоо жөнүндө” буйругунун [4] негизиндеги 10-сентябрдан 10-декабрга чейинки мамлекеттик тилдин үч айлыгы, “Манас” эпосун изилдөө жана жайылтуу боюнча Концепцияны ишке ашыруунун (2023-2027-жж.) тегерегиндеги иш чаралар, Г.Мадаминовдун Энелер мектебинин программасынын [6], жер-жерлерде аткарылышы, кыргыз жараны Концепциясы ж.б. у.с.

Кыргыз тилин эне тили катары элдик идеяларга негиздеп окутуу маселеси тээ 20-30-жылдарда эле И. Арабаев, К. Тыныстанов, С. Нааматов, К. Бакеев ж.б. тунгуч агартуучулар тарабынан жүзөгө ашырылып, алгачкы окуу китептерине элдик макал-лакап, табышмак, жаңылмач, аңгеме, жомоктордун киргизилип, окутулуп келгендигин биз тарыхый архивдик материалдардан улам билебиз.

Бирок, тилекке каршы, коомдук татаал шарт-кырдаалдардын кесепетинен улам, ал этнопедагогикалык багыттагы идеялар, иш аракеттер системалуу мүнөзгө ээ болбой, жокко чыгарылып, ал эми кийинки 60-70-жылдардагы кыргыз тилинин окуу китептеринде жалаң кургак тилдик теориялык материалдар орун алып келгендигин жакшы билебиз. Албетте, эгерде, ошол тунгуч агартуучулар чыйыр салган элдик педагогикалык окуу материалдары үзгүлтүксүз окутулуп келгенде, анда, кыргыз тилин окутуунун бүгүнкү абалы бир кыйла жогорку деңгээлде болмокчу демекчибиз.

Учурунда Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, Н.И. Пирогов, К.Д.Ушинский, Н.К. Крупская, А.С. Макаренко, Г.С. Виноградов, В.А. Сухомлинскийлер да этнопедагогиканын ролуна басым жасашкан. Дегеле, этнопедагогика түшүнүгү илимий расмий термин катары тилибиздин лексикасына Г.Н. Волковдун 1966-жылкы «Чуваш элинин этнопедагогикасы» [7] жана 1974-жылкы «Этнопедагогика» [8] аттуу эмгектери аркылуу 1960-1970-жылдарда кирди десек болот.

Г.Н. Волковдун пикири боюнча “Этнопедагогика – бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим” [7, 66-б.]. Кыргыз элинде да этнопедагогика илими кадимкидей калыптанып, өнүгүп, бир катар эмгектер жарык көргөн. Мисалы, “Кыргыз этнопедагогикасы” аттуу окумуштуу А. Алимбековдун окуу куралында элдик педагогика жана этнопедагогика терминдерине жалпы түшүнүк берилип, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталып, кыргыз элиндеги тарбиялоонун жалпы маселелери каралган [9]. Албетте, буга чейин да кыргыз этнопедагогикасында да бир катар эмгектер жаралып, илимий изилдөөлөр аткарылгандыгын белгилеп кетишибиз керек. Эгерде, биз кыргыз этнопедагогикасын өзүнчө бир чалкып жаткан океан катары элестетсек, анда анын чекеси дагы оюла элек экендигин билебиз.

Кыргыз тилин этнопедагогикалык багытта окутуу маселесине алгачкы ирет тунгуч агартуучулар из салган десек болот. Мисалы, И. Арабаев [10] кыргыз алиппеси

окуу китебинде, К. Тыныстанов [11] эне тилине арналган окуу куралдарында, С. Нааматов [12] кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган китептеринде, К. Бакеев [13] кыргыз тили окуу китептеринде жана башка да агартуучулардын 1920-30-40-жылдардагы тунгуч окуу китептеринде [10; 11; 12; 13] кыргыз элинин тээ кылымдардан бери карай сакталып келаткан элдик таалим-тарбиялык мазмундагы тексттер окуу материалы катары ошол мезгилде эле киргизилип, окутулуп келгендигин дагы да баса белгилеп айтмакчыбыз.

Аты аталган алгачкы агартуучулардын алиппе, эне тили, кыргыз тили ж.б. окуу китептеринде, окуу-методикалык колдонмолорунда элдик ыр, аңгеме, жомок, макал-ылакап, жаңылмач, табышмактар кеңири сунушталып, окуучуларды тарбиялык мазмундагы улуттук үрп-адат, каада-салттар камтылган дидактикалык чыгармалар аркылуу эмгекчилдикке, эне тилин сактоого, патриоттуулукка, ак ниет, асыл ойлуулукка, эли, жерине кызмат кылууга үгүттөгөн таалим-тарбиялык иш аракеттер аткарылган.

Кийинчерээк 1950-60-70-жылдарда кыргыз тили окуу китептеринде жалаң грамматиканы окутууга, эреже, аныктамаларды механикалык түрдө жаттатууга гана басым чыгармачылык багыттар унутта калгандыгы белгилүү.

Элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып, кыргыз тилин жаңыча багытта окутуу процесси кайрадан жанданып, бир катар эмгектер жарыкка чыккан. Акыркы мезгилде кыргыз тилин окутууда элдик этнопедагогикалык ой-тилек, идеялардын орун алуусунун зарылдыгы жаатында илимий изилдөөлөр да колго алына баштады. Ошентсе да, айрыкча, акыркы мезгилде бул багытта бир катар изилдөөлөр ишке ашырылып жатат десек туура болот.

Ошондой эле, ал «элдик педагогика – элдин оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму, оозеки педагогикалык чыгармачылык, оозеки педагогикалык чыгармачылык» деп, элдик педагогика менен этнопедагогиканын карым-катнашын жана өзгөчөлүктөрүн ачып берген болсо аны Я.И. Ханбиков, А.Ш. Гашимов, А.Э. Измайловдор да толукташкан.

Кыргыз этнопедагогикасынын атайын илим катары калыптанышында бир катар агартуучу-окумуштуулардын ысымдарын баса белгилеп айта кетүүгө татыктуу. Мисалга алсак: Ж. Койчуманов, Л.А. Шейман, Н. Имаева, Б. Апышев, М. Рахимова, А. Калдыбаева, А. Исаев, Н. Панкова, А. Аттокуров, А. Акматалиев, А. Алимбеков, Т. Уметов, С. Иптаров, С. Рысбаев, М. Манликова, А. Муратов ж.б. Булар кыргыз этнопедагогикасынын ар кыл жагдайларын изилдөөгө алуу менен бирге эле ага өздөрүнүн салымын кошушкан.

Ошону менен катар эле кыргыз этнопедагогикасынын ар түрдүү маселелерине арналган илимий иштер аткарылып, атап айтканда, 2000-жылдардан кийин бир катар докторлук диссертациялар корголгон. Мисалы:

С.К. Рысбаев – 2006-жыл;
А.Т. Калдыбаева – 2007-жыл;
М.М. Манликова – 2008-жыл;
А.Ж. Муратов – 2010-жыл;
К.Д. Кенжешов – 2023-жыл.

Ошону менен бирге эле бир нечелеген кандидаттык диссертацияларды да атап кетүүгө болот. Алар:

М.Ж. Найманбаев – 2009-жыл;
З.С. Раимбердиева – 2016-жыл;
А.Б. Максүтова – 2016-жыл;
К.Ш. Иманакунова – 2017-жыл;
Н.И. Тахирова – 2019-жыл;
Г.Э. Маатазимова – 2021-жыл;
Н.А. Асанбекова – 2021-жыл;
А.Э. Нажимидинова – 2021-жыл;
Д.С. Жумабаева – 2022-жыл.

Албетте, жогорудагыдай илимий изилдөөлөр ишке ашырылып жаткандыгы менен алардын дээрлик бардыгы кыргыз адабияты предметин этнопедагогикалык багытта окутуунун проблемаларына арналып отурат.

Мына ушундан улам, кыргыз тилин улуттук тил катары улуттук этнопедагогикалык нукта окутууга арналган мейли мектепте, мейли колледждерде же орто жана жогорку окуу жайларында болобу (мектепке чейимнки билим берүү мекемелерин айтпаганда дагы) атайын изилдөөнүн обьектисине алынып, ишке ашырылган фундаменталдуу илимий эмгектер дале болсо жокко эсе экендиги өкүндүрөт.

Жалпы билим берүүчү, орто жана жогорку окуу жайларында да мектепке чейинки мекемелерден баштап (ал эми кыргыз тилин этнопедагогикалык негизде окутуу иштери дал ушул мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен башталышынын зарылдыгы айтпасак да түшүнүктүү) окуу программаларынан баштап, окуу китептери, окуу куралдары мурдагыдай эле тилдик

грамматикалык материалдар менен толтурулган десек болот.

Кыргыздын нукура эне тилин турмушта ээн-эркин колдонгудай этнолингвистикалык, этномаданий көндүмдөрүн калыптандыруучу тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөрүн арттыруучу, таалим-тарбиялык мазмундагы турмушка даярдай турган окуу-методикалык комплектилерине билим берүү мекемелери дагы дале муктаж болуп турган учуру. Бул жаатта атайын фундаменталдуу илимий изилдөө иштеринин жүргүзүлүүсү зарыл деп эсептейбиз.

Ушуну менен бирге эле, тигил же бул кесипке багытталган ар бир билим берүү мекемелеринин окуу программасы, окуу куралдарынын мазмуну дал ошол кесипке багыт берүүчү этнопедагогикалык кырдаалдагы окуу материалдары менен толукталышы келечекте толук кандуу мекенине ак кызмат өтөй турган адис жаштарды даярдоого мүмкүнчүлүк түзмөкчү.

Жалпысынан айтканда, профессор Р.Т. Сулайманова белгилегендей, «Кыргыз Республикасынын жогорку педагогикалык билим берүүсүнүн негизги милдеттеринин бири катары коомдук турмуштагы ар кандай кырдаалдарга ыңгайлаша алган, азыркы билим берүү практикасын дифференциациялоо жана инновациялаштыруу шартында иштөөгө жөндөмдүү болочок педагогдорду даярдоо болуп саналат». Бул ойду эске алуу менен, билим берүү программалары улуттук өзгөчөлүктөрдү жана заманбап талаптарды эске алуу менен жаңыланып, өнүктүрүлүүгө тийиш [15].

**Колдонулган адабияттар**

1. КРнын Президенти С. Жапаровдун “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбия” тууралуу Жарлыгы.
2. КРнын Президенти С. Жапаровдун “Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү тууралуу Жарлыгы.
3. КРнын Президенти С. Жапаровдун "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндөгү Жарлыгы.
4. Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү Программасы.
5. КРнын билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 10-сентябрындагы №1404/1 “Мамлекеттик тилдин үч айлыгын жарыялоо жөнүндө” буйругу.
6. Мадаминов Г. Энелер мектебинин программасынын, 2022.
7. Волков Г.Н. Этнопедагогика чувашского народа. – Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1966.
8. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974.
9. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1996.
10. Арабай уулу Э. Кыргыз Алиппеси. – Ташкент, 1924.
11. Тыныстан уулу Касым. Эне тилибиз. – Фрунзе, 1928, 68-б.
12. Нааматов С. Тилибиздин методикасынан. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1932, 36-б.
13. Бакеев К. Кыргыз тили. – Фрунзе, 1939, 63-б.
14. Жылчиева Д.С., Эгамбердиева А.А. Жасалма интеллекти колдонуу менен студенттердин критикалык ой жүгүртүүсүн жана аналитикалык жөндөмүн өнүктүрүү // Вестник КНУ, 2024, №3 (119), 451-454-бб.
15. Сулайманова Р.Т. Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоо маселесинин теориялык жактан изилдениши. // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2021, №4 (108), с. 53-58. – Режим доступа: www. https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2023/01/VKNU2021_4.pdf

**Рецензент: д.пед.н., профессор Добаев К.Д.**